# Бир бололу

Сөзү: Насбүбү Эгембердиева

Обону: Туратбек Дүйшеев

Атк. : Мурзаибраимова Сайрагүл Бекмаматовна

Мен сени түшүмдө далай көрөм

Мен сага түгөнгүс таалай белем

Өзүмчө күтөмүн эрте келчи

Мен сенин жолуңду карай берем

Кайдасың сагындым карааныңды

Кыялдар нур болуп чагылдырды

Тутанат канткенде от күч алып

Мендеги сүйүүнүн жалындары

Сен мени эсиңе аласыңбы

Келечек жолуна барасыңбы

Мага окшоп сен дагы ойлойсуңбу

Сагындым жоодурап карашыңды

Жолубуз биригээр күн болобу

Ойлоном күнбү же түн болобу

Алдыда жашоонун канчасы бар

Алтыным өмүрдө бир бололу